"БЕКИТЕМИН"
Баткен мамлекеттик университетинин
ректору профессор.,
_____________ А.Т.Гыязов.
01 03 _____________ 2021 -жыл

**Баткен мамлекеттик университетинин**
**Эл аралык байланыштар жана академиялык мобилдүүлүк бөлүмүнүн**

# ЖОБОСУ

## I. Жалпы жоболор

1.1. Баткен мамлекеттик университетинин Эл аралык байланыш жана академиялык мобилдүүлүк бөлүмү Баткен мамлекеттик университетинин түзүмүнө кирет. Ал эл аралык жана өлкө ичиндеги ЖОЖдор арасындагы байланыштар, ошондой эле университеттин ишмердүүлүгүн интернет айдыңына жайылтууга жана аталган иштерди жүргүзүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууну камсыз кылуу максатында түзүлгөн;

1.2. Эл аралык байланыш жана академиялык мобилдүүлүк бөлүмү ректордун буйругу менен түзүлөт жана жоюулат. Анын курамында: бөлүмдүн башчысы ошондой эле ага баш ийген , "Башкы адис", болот;

1.3. Бөлүмдү башчы жетектейт, ал ректор тарабынан дайындалат жана бошотулат;

1.4. Бөлүм Эл аралык байланыштар боюнча проректорго түздөн-түз баш ийет жана өз ишмердүүлүгүн анын көзөмөлү астында жүргүзөт;

1.5. Бөлүмдү өзүнүн ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Эмгек кодексин "Билим берүү", "Эл аралык байланыштар саясаты" тууралуу мыйзамдарды, 2013-2017-жылдардагы Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү жөнүндөгү Улуттук стратегияны, ректордун, Эл аралык байланыштар боюнча проректордун буйруктарын, БатМУнун окумуштуулар кенешинин токтомдорун, чечимдерин, университеттин уставын жана башка тиешелүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, жана ушул жобону жетекчиликке алат;

1.6 Университеттин инвестициялык абалын жакшыртуу үчүн чет өлкөлүк донорлордон инвестиция тартуу жагын жетекчиликке алат:

1.7. Бөлүмдүн ишмердүүлүгү боюнча отчет жетекчилик тарабынан белгиленген формага ылайык мөөнөтүндө берилет.

## II. Бөлүмдүн ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары

2.1. Жалпы университеттин деңгээлинде эл аралык иш-чаралардын планын иштеп чыгуу;

2.2. БатМУнун окуу-түзүмдүк бөлүмдөрүндөгү эл аралык байланыш жана БатМУнун ишмердүүлүгүн интернет айдыңында жайылтуу иштери боюнча иш-чаралардын планын бекитүү, аткарылышын көзөмөлдөө жана анализ жүргүзүү;

2.3. Окуу-түзүмдүк бөлүмдөрдү эл аралык алмашуу программалары, эл аралык илимий конференциялар ж.б.у.с маалыматтар менен камсыз кылуу;

2.4. Жалпы университеттик деңгээлде өткөрүлгөн иш-чараларды университеттин атайын сайты аркылуу чагылдыруу, соцтармактарда жарыялоо ;

2.5. Жалпы университеттин ишмердүүлүгү боюнча маалыматтарды университеттин сайтына жайгаштыруу үчүн материалдарды даярдоо;

2.6. Студенттерди чет өлкөлөрдө окуп билим алууга үндөө жана аларга көмөк көрсөтүү;

2.7. Эл аралык байланышты күчөтүү максатында төгөрөк столдорду, конференцияларды жана семинарларды өткөрүү;

2.9. Окумуштуулар кеңешинде каралуучу эл аралык байланыш жана медиа тармагынын иштери боюнча маселелерге маалыматтык-аналитикалык материалдарды даярдоо;

2.10. Чет өлкөлүк студенттер менен иштөө жана аларга көмөктөшүү;

2.11. БатМУнун офисиалдуу сайтын мезгил талабына ылайык модернизациалоо жана жаңы технологияларды өздөштүрүү.

## III. Бөлүмдүн укуктары

Колдонуудагы мыйзадардын жана ушул жобого ылайык департамент төмөнкү укуктарга ээ:

3.1. БатМУнун окумуштуулар кенешинин, университеттин жетекчилигинин, департаменттин ишмердүүлүгүнө тиешелүү болгон долбоорлорду, чечимдерди кабыл алууда катышууга жана алардын ишке ашуусуна көзөмөл жүргүзүүгө;

3.2. БатМУнун окуу-түзумдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринен жана өз алдынча эмгектенген адистерден документтерди, маалыматтарды сурап алууга;

3.3. Окуу-түзүмдүк бөлүмдөрүндөрүндөгү эл аралык иш чаралар жана маалымат жайылтуудагы ишмердүүлүктүн жүрүшүн көзөмөлдөөгө;

3.4. Белгиленген тартипке ылайык бөлүмгө ыйгарылган милдеттерди ишке ашыруу үчүн керектүү материалдарды мамлекеттик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана көз каранды эмес органдардан сурап алууга;

3.5. Бөлүмдүн ишмердүүлүгүнө байланышкан буйруктарды, кызматтык, инструкциялык каттарды даярдоого катышууга;

## IV. Бөлүмдүн кызматкерлеринин ортосунда функционалдык милдеттердин бөлүштүрүлүшү.

### Бөлүм башчысы

4.1 Бөлүмдүн башчысы Эл аралык байланыштар боюнча проректордун тикеден-тике жетекчилиги астында иштейт;

4.2 Бөлүмдүн ишин жетектейт жана ишмердүүлүгүн уюштурат;

4.3 Бөлүмдүн кызматкерлеринин ортосунда милдеттерди жана келип түшкөн документтерди бөлүштүрөт, тиешелүү уюштуруучулукту жана кызматтык тартипти камсыз кылат;

4.4 Бөлүмдүн иши менен байланыштуу болгон университеттин окумуштулар кеңешинин токтомдорун, чечимдерин жана ректордун, Эл аралык байланыштар жана инновация боюнча проректордун тапшырмаларын аткарууну уюштурат;

4.5 Окумуштуулар кеңешинде каралуучу эл аралык байланыш жана академиялык мобилдүүлүк иштери боюнча маселелерге маалыматтык-аналитикалык материалдарды даярдайт;

4.6 Окуу-түзүмдүк бөлүмдөрдөгү эл аралык байланыш жана академиялык мобилдүүлүк боюнча иш чараларды көзөмөлдөйт;

### Башкы адис

5.1 Башкы адис тикеден-тике бөлүм башчыга көмөк көрсөтөт жана кызматташат;

5.2 БатМУнун эл аралык жана ички ЖОЖдор менен болгон алмашуу программаларын ишке ашырат;

5.3 Чет элдик ЖОЖдор менен кызматташтык түзөт жана алар менен иш алып барат;

5.4 Чет элдик донорлор, фондтордон инвестиция тартууга көмөктөшөт;

5.5 БатМУда билим алып жаткан чет элдик студенттер менен иш алып барат жана аларга көмөктөшөт;

5.6 Бөлүмгө тиешелүү иш чараларды ишке ашырууда көмөктөшөт;

5.7 Эл аралык (онлайн-офлайн) илимий, практикалык конференциялар, семинарларды, жолугушууларды уюштурат